**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма экинчи сессиясы

# ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 22-6** **12-июнь 2026-жыл**

**Бала бакчалардын тамак-ашына ата-энелер төлөмү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34, 39-беренелерин негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 9-июнундагы чыгыш № 01-23/1249 сандуу катынын негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 10-июнундагы № 11 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXII сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун жана Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э.Жолдошованын берген маалыматы эске алынсын.
2. Тамак-аш азыктарынын баасынын жогорулагандыгына байланыштуу Кызыл-Туу айыл аймагындагы балдар бакчаларында ата-энелердин чогулуштарынын протоколдорунун негизинде ата-энелер төлөмүн бир балага күнүнө 100 сом өлчөмүндө белгиленүүсүнө макулдук берилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**